# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Канатбек Вайтыляевич Садыковдун кызыкчылыгын көздөгөн Нургазы Кемелович Раимбабаевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 12-мартындагы аныктамасына даттануусу боюнча

## ТОКТОМУ

2024-жылдын 16-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы С.А Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 12-мартындагы аныктамасына К.В. Садыковдун кызыкчылыгын көздөгөн Н.К. Раимбабаевдин даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана Н.К. Раимбабаевдин өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, судья-баяндамачы

Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 15-февралында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна К.В.Садыковдун кызыкчылыгын көздөгөн Н.К.Раимбабаевден «ушул Кодексте каралган учурларда гана» деген сөздөр менен баяндалган Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 346-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 4,5-бөлүктөрүнө, 61-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2023-жылдын 22-декабрындагы аныктамасы менен алименттин өлчөмүн азайтуу жөнүндө К.В. Садыковдун доо арызы соттук аткаруучуда аткаруу баракчаларынын жана жашаган жеринен маалымкаттын жоктугунан улам кыймылсыз калган. Арыз ээсине аталган маалымкаттарды берүү үчүн 2024-жылдын 9-январына чейинки мөөнөт берилген. Бирок, даттануу субьектиси сотко бул маалымкаттарды бере алган эмес, натыйжада доо арызы арыз ээсине кайтарылган. Сотко кайра кайрылууда арыз ээсине тиешелүү маалымкаттарынын жоктугуна байланыштуу анын арызы кайтарылып берилген.

Н.К. Раимбабаев колдонуудагы талаштуу укуктук жөнгө салууда доо арызды кыймылсыз калтыруу жана аны арыз ээсине кайтаруу боюнча сот тарабынан кабыл алынган аныктамалар жогору турган сот тарабынан аларды кийин жокко чыгаруу менен мыйзамсыз жана негизсиз деп таануу үчүн

юридикалык баа берүү механизминен ажыратылган деп белгилеген. Кайрылуу субъектисинин пикири боюнча мындай аныктамаларга даттануунун мүмкүн эместиги биринчи инстанциядагы сотторго доо арыздарын кароо боюнча жүктөмдү азайтуу жана аларды баштапкы этапта бөгөт коюу максатында өздөрүнүн укуктарынан кыянаттык менен пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Н.К. Раимбабаев Жарандык процесстик кодекстин ички шайкешсиздиги ошол эле Кодекстин 139-беренесине ылайык чыгарылган доо арызды кыймылсыз калтыруу жөнүндө аныктамаларга даттануу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу бөлүгүндө сот өндүрүшүн жүргүзүүнүн негизги принциптерине карама-каршы келет, муну менен сот адилеттигине жетүүнү чектейт деп эсептейт.

Кайрылуу субъектиси өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө конституциялык ченемдерге шилтеме жасаган, аларга ылайык Конституцияда каралгандан башка максаттарда жана андан ашкан деңгээлде адамдын укуктарына жана эркиндиктерине мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эмес; Конституцияда белгиленген адамдын укуктары жана эркиндиктери эч кандай чектелүүгө жатпайт; ар бир адамга өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин коргоого, мыйзамда тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү ыкмалар менен өзүнүн бузулган укуктарын жана эркиндиктерин коргоого укуктуу, сот өндүрүшү тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүргүзүлөт (23-берененин 4, 5-бөлүктөрү жана 61-берененин 1, 2-бөлүктөрү).

Баяндалгандарды эске алуу менен, арыз ээси талашылып жаткан ченемдик жобону Конституцияга карама-каршы келет деп табууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 12-мартындагы аныктамасы менен Н.К.Раимбабаевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Аныктамада Н.К. Раимбабаев 2023-жылдын 26-декабрында Конституциялык сотко ушуга окшош позицияларды жана жүйөлөрдү

камтыган өтүнүч менен кайрылгандыгы белгилеген. Судьялар коллегиясы 2024-жылдын 22-январындагы аныктамасында анын кайрылуусу өзүнүн мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарга ылайык келбегендигин көрсөтүп, аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Н.К. Раимбабаев тарабынан кайрадан берилген кайрылуу маңызы боюнча анын мурунку кайрылуусунда баяндалган жүйөлөрдү жана аргументтерди камтыйт.

Ошону менен бирге, судьялар коллегиясы иш боюнча өндүрүштү козгоо стадиясында соттун ыйгарым укуктары – бул берилген доо арызды жарандык сот өндүрүшүнүн кийинки этаптарында кароо мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн ишке ашырылуучу соттун укуктары жана милдеттери болуп санала тургандыгын белгилеген. Ишти козгоо стадиясында сотко берилген ыйгарым укуктар аркылуу ал берилген доону андан ары кароо жана чечүү мүмкүнбү деген маселени чечет.

Доо арызын кыймылсыз калтыруу жарандык сот өндүрүшүндө колдонулуучу процессуалдык аракетти билдирет. Арыз ээси, эгерде арыз кыймылсыз калтырылса, доо арызын кайтарып берүүдөн айырмаланып, ал сотко иш жүзүндө берилгенден кийин арыздагы кемчиликтерди четтетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Ошол эле учурда соттун доо арызды кыймылсыз калтыруу боюнча ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусу берилген доо арызы ЖПКнын 134-беренесинин жана 135-беренесинин 1, 3, 6 жана 7-пункттарынын талаптарына ылайык келбеген учурларда гана болушу керек, натыйжада сот доо арызды берген адамга кабарлама жиберет жана кемчиликтерди оңдоо үчүн ага мөөнөт берет. Доону кыймылсыз калтыруу боюнча соттун ыйгарым укуктарын ишке ашыруу арыз берүүчүнүн сот адилеттигине жетүү укугун жүзөгө ашыруусуна

тоскоолдук кылууга же мындай укукту кандайдыр бир жол менен чектөөгө багытталышы мүмкүн эмес.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, судьялар коллегиясы аталган кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан, себеби кайталап кайрылууда талашылып жаткан ченемдик укуктук актыга тиешелүү жаңы аргументтер жана жүйөлөр камтылган эмес.

Судьялар коллегиясынын көрсөтүлгөн аныктамасы менен макул болбостон, Н.К. Раимбабаев 2024-жылдын 18-мартында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Даттануунун автору судьялар коллегиясынын талашылып жаткан аныктамасында көрсөтүлгөн тыянактарына карама-каршы келген укуктук мүнөздөгү кандайдыр бир аргументтерди келтирбейт, бирок ал Конституциялык сотко биринчи жолу кайрылганда ошол эле талап менен өзүнүн атынан кайрылганына басым жасайт, ал эми экинчи жолу кайрылууда өзүнө ишеним көрсөткөн адам К.В. Садыковдун атынан кайрылган, андыктан кайрылуу субъектиси өзү эмес, башка адам болуп саналат.

Жогорудагыларды эске алуу менен Н.К. Раимбабаев судьялар коллегиясынын тыянактарын жаңылыш деп эсептейт жана даттанылган аныктаманы жокко чыгарууну жана анын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын даттанууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун жүйөлөрүн карап чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын даттанууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча аныктамасы процессуалдык мүнөзгө ээ, анткени судьялар коллегиясы

даттанууну «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө текшерет. Бул талаптарды так сактоо конституциялык сот өндүрүшүн козгоонун объективдүүлүгүнүн, конституциялык текшерүүнүн предметин жана анын чектерин аныктоонун кепилдиги болуп саналат.

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясына байланыштуу алардын конституциялык эместиги жөнүндө маселени коюу алардын конституциялуулугуна ачыктан-ачык күмөн жараткан укуктук мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн. Бирок, арыз ээси тарабынан келтирилген жүйөлөр талашылып жаткан ченемдик жобонун конституциялуулугунан күмөндүүлүктү жараткан орчундуу себептерди камтыбайт.

Н.К. Раимбабаев өзүнүн кайрылуусунда жарандык сот өндүрүшүндө жол берилүүчү доо коюу институтуна кайрылган, ал доо коюунун юридикалык негиздери жана формасы, соттун компетенциясын белгилөө, аны кароонун жана чечүүнүн жол-жобосу сыяктуу жана башка аспектилерди камтыйт.

Бул контексттен алганда сот адилеттигине жеткиликтүүлүк процессуалдык мыйзамдарда каралган натыйжалуу укуктук инструменттердин болушун билдирет, алар кызыкдар адамдардын сотко эркин кайрылуусуна жана өздөрүнүн укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн бардык зарыл болгон соттук жол-жоболордон өтүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга багытталган.

Конституциялык сот адамдын жарандык процессте соттук коргоого укугу сотко тиешелүү арыз берүү жолу менен ишке ашырылаарын белгилейт. Арызды берүү жол-жобосу мыйзамда каралган бардык формалдуу талаптардын сакталышын болжолдойт (Жарандык процесстик кодекстин 134-беренеси жана 135-беренесинин 1, 3, 6, 7-пункттары), бул кийин бир жагынан,

сот тарабынан иштин бардык жагдайларына ар тараптуу жана объективдүү баа берилишин, экинчи жагынан, жыйынтыктоочу сот актысынын сапатын, үчүнчүдөн, кайрылуу субъектисинин сот адилеттигине көмөктөшүү боюнча активдүү аракеттерге аң-сезимдүү умтулуусунун башталышында да эле калыптануусун жана ал каалаган натыйжага жетүүсүн кепилдейт.

Андыктан доо арызын тариздөөнүн тууралыгы, сотко берилген материалдардын толуктугу жана тактыгы аны өндүрүшкө кабыл алуунун ажырагыс шарты болуп саналат жана соттун ишти ийгиликтүү кароосу жана биротоло чечүүсү үчүн чечүүчү мааниге ээ. Ошол эле учурда зарыл болгон документтердин же маалыматтардын жоктугу ишти кароо процессин татаалдаштырат, ошондой эле жаңылыш жыйынтыктоочу сот актысын кабыл алууга да алып келиши мүмкүн.

Доо арызын кыймылсыз калтыруу жөнүндө соттун аныктамасы аралык процессуалдык аракеттин натыйжасы болуу менен сотто талаш-тартыш андан ары каралууга жатабы же жокпу деген маселени тактоо үчүн боштуктарды толтурууга багытталган. Мындай талап аткарылбаган учурда соттук териштирүүнү улантуу мүмкүн эместигин билдирген соттун аракети арызды кайтарып берүү, ошондой эле эгерде ал өндүрүшкө кабыл алынган болсо, аны кароосуз калтыруу жөнүндө аныктама түрүндө тариздеЛет. Бул этаптарда мыйзам чыгаруучу кызыкдар адамга соттун жогоруда көрсөтүлгөн аракетине өзүнүн макул эместигин билдирүү жана тиешелүү аныктаманы жогору турган соттук инстанцияга даттануу укугунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет.

Доо арызын кыймылсыз калтыруунун убактылуу мүнөзүнө байланыштуу бул аракеттин себептери шарттуу болуп саналат, бул аларды четтетүүнүн мүмкүндүгүн, демек, жарандык сот өндүрүшүн улантууну болжолдойт. Ошол эле учурда, ал доогерге анын арызын кайтарбастан, алдыдагы соттук териштирүүнүн ийгиликтүү жыйынтыгынын ыктымалдыгын жогорулатууга багытталган чараларды көрүү үчүн кошумча убакыт берет.

Ошентип, Конституциялык сот арыз ээсинин тастыктоолоруна карабастан доо арызын кыймылсыз калтыруу институту, тескерисинче, сотко кайрылууда анын арызын сот өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартууга негиз болушу мүмкүн болгон ар кандай кемчиликтерди жана кетирилген мүчүлүштүктөрдү оңдоого доогерге кошумча мүмкүнчүлүк берип, финансылык жагынан да, убакыт жагынан процессуалдык үнөмдөөгө өбөлгө түзөт.

Конституциялык сот доо арызын кыймылсыз калтыруу жөнүндө аныктамага даттануу маселесин укуктук жөнгө салуу доо арызын кайтарып берүү жөнүндө соттун аныктамасына даттануу мүмкүнчүлүгү аркылуу камсыздалат деп баса белгилейт, бул ар бир адамдын соттук коргоого укугун жана бул укуктун туундусу болгон – жогору турган сот инстанцияларына сот актыларын даттануу укугун жетиштүү түрдө кепилдейт (Конституциянын 61-беренесинин 1,2-бөлүктөрү).

Демек, талашылып жаткан ченемде доо арызын кыймылсыз калтыруу жөнүндө соттун аныктамасына даттануу мүмкүнчүлүгү жөнүндө көрсөтмөнүн жоктугу адамдын соттук коргоого болгон конституциялык укугун бузуу катары каралышы мүмкүн эмес жана аны кемитүүгө укуктук өбөлгөлөр жок.

Баяндалгандарды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын даттанылган аныктамасын жокко чыгарууга негиз жок деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Канатбек Вайтыляевич Садыковдун кызыкчылыгын көздөгөн Нургазы Кемелович Раимбабаевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 12-мартындагы аныктамасына келтирилген даттануусу канааттандырылсыз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы болуп саналат, даттанылууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**